Долбоор

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин буйругу**

**“Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жолунун Торугарт-Макмал участогун эксперименталдык долбоорлоо жана куруу жөнүндө**

“Шаар куруу жана архитектура жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы №44 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Мамкурулуш) жөнүндө жобону жетекчиликке алуу менен, **буйрук кылам**:

1. Эксперименталдык объекттерди долбоорлоодо жана курулушунда чет өлкөлүк курулуш нормаларын жана стандарттарын колдонууну эске алуу менен “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жолунун “Торугарт-Макмал” участогун долбоорлоодо жана курулушунда эксперименталдык долбоор деп эсептелсин.

2. “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жолунун “Торугарт-Макмал” участогун долбоорлоого жана курууга гана тиешелүү болгон Кытай Эл Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана стандарттары тиркемеге ылайык колдонууга киргизилсин.

3. Мамкурулуштун курулуш башкармалыгына:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы №117 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө” токтомуна ылайык ушул буйруктун расмий жарыяланышы боюнча чараларды көрсүн;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде бул буйруктун эки нускадагы көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, аталган буйрукту жарыялоо булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

- бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөлөрүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Мамкурулуштун директорунун орун басары Иманакун уулу Талантбекке жүктөлсүн.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**

Проект

**Приказ Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

**Об экспериментальном проектировании и строительстве участка «Торугарт – Макмал» железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан»**

В соответствии с законами Кыргызской Республики «О градостроительстве и архитектуре Кыргызской Республики», «О техническом регулировании в Кыргызской Республике», руководствуясь постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, Положением Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Госстрой) утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года № 44, **приказываю:**

1. Считать проектирование и строительство участка «Торугарт–Макмал» железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан» экспериментальным проектом, с учетом применения зарубежных строительных норм и правил, стандартов при проектировании и строительстве экспериментальных объектов.

2. Ввести в действие нормативные документы и стандарты Китайской Народной Республики согласно приложению, применительно только к проектированию и строительства участка «Торугарт–Макмал» железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан».

3. Управлению строительства Госстроя:

- принять меры по официальному опубликованию настоящего приказа в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;

- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, с указанием источника опубликования указанного приказа в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов;

- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

4. Настоящий приказ вступает в силу со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Госстроя Иманакун уулу Таалантбека.

**Директор** **Н.К.Орунтаев**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун “Торугарт-Макмал” участогун эксперименталдык долбоорлоо жана куруу жөнүндө” буйругунун долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ - МААЛЫМ КАТ**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (мындан ары - Мамкурулуш) “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун “Торугарт-Макмал” участогун эксперименталдык долбоорлоо жана куруу жөнүндө” буйругунун долбоору (мындан ары - долбоор) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан (мындан ары - Мамкурулуш) “Шаар куруу жана архитектура жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуу жөнүндө” (18-берене) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 24-январындагы №46 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында эксперименттик объекттерди долбоорлоо жана куруу жөнүндө Жобого ылайык иштелип чыкты.

**1. Максат жана милдеттер**

Аталган долбоор “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жолунун “Торугарт-Макмал” участогун куруу долбоорун ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

**2. Баяндоочу бөлүк**

“Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жолун куруу долбоору Кыргыз Республикасындагы курулуш жана инфраструктура жаатындагы маанилүү долбоорлордун бири болуп саналат.

Жаңы темир жол коридору Евразия континенталдык көпүрөсүнүн түштүк бутагы болуп, Түштүк-Чыгыш, Батыш Азия жана Жакынкы Чыгыш рынокторуна жол ачат. Бул каттам Кытайдан Кыргызстанга, ошондой эле Борбор Азия жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнө, анын ичинде Түркияга жана андан ары Евробиримдикке жүк жеткирүүнү камсыздай алат. Долбоор эл аралык рынокто жүктөрдү жеткирүү аралыкты жана убакытты кыскартуунун эсебинен транзиттик ташуулардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну камсыз кылат.

Бул долбоорду ишке ашыруу Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүдө жалпы оң социалдык-экономикалык натыйжага ээ болот жана калкка көрсөтүлүүчү транспорттук кызматтарды кеңейтүүгө, транспорттук инфраструктураны өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө олуттуу көмөк көрсөтөт.

Ушуга байланыштуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун тапшырмаларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри енисей 2021-жылдын 12-апрелиндеги №362 буйругуна ылайык “Кыргыз темир жолу УК” МИ “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жолун куруу долбоорун илгерилетүү боюнча активдүү иштерди жүргүзүүдө.

Атап айтканда, 2023-жылдын ортосуна карата үч тарап тарабынан долбоордун техникалык - экономикалык негиздемесин (мындан ары-ТЭН) иштеп чыгуу аяктаган. ТЭН жыйынтыгына ылайык, Торугарттан Макмалга чейинки участокто 1435 мм, макмалдан Жалал-Абадга чейин 1520 мм жолчонун туурасы колдонулары болжолдонууда.учурда долбоорду каржылоо модели боюнча сүйлөшүүлөр аяктоого аз калды. Жакынкы убакта аталган темир жолду долбоорлоого жана курууга киришүү пландаштырылууда.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасы А. Ү. Жапаровго туурасы 1435 мм болгон темир жолдорду долбоорлоону, курууну жана тейлөөнү жөнгө салуучу тийиштүү ченемдерди кабыл алуу боюнча ишти тездетилген тартипте жүргүзүү тапшырылды.

Белгилей кетсек, "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жолун куруу долбоору техникалык жактан татаал болуп саналат жана көп сандагы тоннелдерди (41 бирдик узундугу 120,39 км) жана көпүрөлөрдү (71 бирдик узундугу 22,09 км) курууну болжолдойт. Мындан тышкары, заманбап курулуш технологиялары тынымсыз өнүгүп, темир жолдорду куруунун жаңы ыкмалары пайда болууда. Ушуга байланыштуу, жолдун туурасы 1435 мм болгон жаңы прогрессивдүү технологияларды эксперименталдык түрдө колдонуу сунушталат.

Жогоруда аталган стандарттарды ишке киргизүү биринчи жолу "Кытай – Кыргызстан-Өзбекстан" темир жолун куруу долбоорунун "Торугарт-Макмал"участкасында гана колдонулат.

ТЭНди иштеп чыгуу үчүн 2023-жылы Кытайдын белгилүү темир жол курулуш корпорациясынын темир жолду долбоорлоого адистешкен Биринчи долбоорлоо жана изилдөө институту тартылган. "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жолун куруу долбоорунун "Торугарт-Макмал" участогу Кытай Эл Республикасынын жолдун туурасы 1435мм болгон улуттук стандарттарынын негизинде иштелип чыккан.

Кыргыз Республикасынын колдо болгон стандарттары боюнча темир жолду туурасы 1435 мм боюнча долбоорлоо жана куруу мүмкүнчүлүгү жок. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин сунушун, ошондой эле “Торугарт-Макмал” темир жол участогун куруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнү эске алуу менен буйруктун ушул долбоору даярдалган. Бул буйруктун долбоорун кабыл алуу менен Кыргыз Республикасынын жалгыз объектин эске алуу менен "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жолун курууга гана колдонулуучу жолдун туурасы 1435 мм тилке менен темир жолду долбоорлоону жана

курууну регламенттөөчү Кытай Эл Республикасынын стандарттары ишке киргизилет.

Белгилей кетсек, эксперименталдык объект статусун берүү маселеси Мамкурулуштун техникалык кеңешинде 2024-жылдын 28-мартында каралып, жактырылган.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Бул долбоорду кабыл алуу социалдык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык сунушталган долбоор Мамкурулуштун сайтында жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында жарыяланат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга ылайык келишин анализдөө**

Сунушталган долбоор Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоорду кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор регулятивдик таасирди талдоону талап кылбайт, анткени ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**

**СПРАВКА-ОБОСНОВАНИЕ**
**к проекту приказа Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики «Об экспериментальном проектировании и строительстве участка «Торугарт - Макмал» железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан»**

Проект приказа Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики «Об экспериментальном проектировании и строительстве участка «Торугарт - Макмал» железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан» (далее – проект) разработан Государственным агентством архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее - Госстрой) в соответствии с законами Кыргызской Республики «О градостроительстве и архитектуре Кыргызской Республики», «О техническом регулировании в Кыргызской Республике» (статья 18), постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, а также Положением о проектировании и строительстве экспериментальных объектов в Кыргызской Республики, утверждённым постановлением Правительства Кыргызской Республики от 24 января 2009 года № 46.

**1. Цель и задачи**

Данный проект разработан в целях реализации проекта строительства железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан».

**2. Описательная часть**

Проект строительства железной дороги “Китай-Кыргызстан-Узбекистан” является одним из важных проектов в области строительства и инфраструктуры в Кыргызской Республики.

Новый железнодорожный коридор станет южным ответвлением континентального моста Евразии и откроет доступ на рынки Юго-Восточной, Западной Азии и стран Ближнего Востока. Данный маршрут сможет обеспечить доставку грузов из Китая в Кыргызстан, а также в страны Центральной Азии и Ближнего Востока, в том числе Турцию и далее в Евросоюз. Проект обеспечит повышение конкурентоспособности на международном рынке транзитных перевозок за счет сокращения расстояния и времени доставки грузов.

Реализация настоящего проекта будет иметь общий положительный социально-экономический эффект в развитии экономики Кыргызстана и окажет значительное содействие расширению оказываемых транспортных

услуг населению, развитию и совершенствованию транспортной инфраструктуры.

В этой связи, а также в соответствии с поручениями Президента Кыргызской Республики С.Н. Жапарова, распоряжением Премьер-Министра Кыргызской Республики № 362 от 12 апреля 2021 года ГП «НК Кыргыз темир жолу» проводит активную работу по продвижению проекта строительства железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан».

В частности, к середине 2023 года тремя сторонами была завершена разработка технико-экономического обоснования проекта (далее - ТЭО). Согласно результатам ТЭО предполагается, что на участке от Торугарта до Макмала будет применяться ширина колеи 1435 мм, от Макмала до Джалал-Абада - 1520 мм. В настоящее время близятся к завершению переговоры по модели финансирования проекта. В ближайшее время планируется приступить к проектированию и строительству указанной железной дороги.

Между тем, Председателем Кабинета Министров Кыргызской Республики А.У. Жапаровым поручено в ускоренном порядке провести работу по принятию соответствующих нормативов, регламентирующих проектирование, строительство и обслуживание железных дорог с шириной колеи 1435 мм.

Стоит отметить, что проект строительства железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан» является весьма технически сложным и предполагает сооружение большого количества тоннелей (41 ед. протяженностью 120,39 км) и мостов (71 ед. протяженностью 22,09 км). К тому же, современные технологии строительства постоянно прогрессируют и возникают новые методы и способы строительства железных дорог. В этой связи, предлагается экспериментально использовать новые прогрессивные технологии на колею 1435 мм.

Введение в действие упомянутых стандартов будет применяться впервые только на участке «Торугарт – Макмал» проекта строительства железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан».

Для разработки ТЭО в 2023 году была привлечен известный в Китае Первый проектно-изыскательский институт Китайской железнодорожной строительной корпорации специализирующегося на проектировании железных дорог. Участок «Торугарт-Макмал» проекта строительства железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан» разработан на основании национальных стандартов Китайской Народной Республики колеи 1435.

По имеющимся стандартам Кыргызской Республики отсутствует возможность проектирование и строительство железной дороги колеей 1435 мм. В этой связи, учитывая предложение Министерства транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики, а также создания благоприятных условий для строительства участка железной дороги «Торугарт-Макмал» подготовлен данный проект приказа. С принятием данного проекта приказа будут введены в действие стандарты Китайской Народной Республики, регламентирующие проектирование и строительство железной дороги с

колеей 1435 мм, применительно только к строительству железной дороги «Китай-Кыргызстан-Узбекистан», ввиду единственного объекта Кыргызской Республике.

Следует отметить, что вопрос придания статуса экспериментального объекта был рассмотрен и одобрен на Техническом совете Госстроя 28 марта 2024 года.

**3. Прогнозы возможных социальных, экономических, правовых, правозащитных, гендерных, экологических, коррупционных последствий**

Принятие данного проекта негативных социальных, правовых, правозащитных, гендерных, коррупционных последствий за собой не повлечет.

**4. Информация о результатах общественного обсуждения**

В соответствии со статьей 22 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики» представленный проект будет опубликован на сайте Госстроя и в Едином портале общественных обсуждений проектов нормативных правовых актов Кыргызской Республики.

**5. Анализ соответствия проекта законодательству**

Представленный проект не противоречит нормам вступившим в установленном порядке в силу международных договоров, участницей которых является Кыргызская Республика.

**6. Информация о необходимости финансирования**

Принятие представленного проекта не повлечет за собой дополнительных финансовых затрат из республиканского бюджета.

**7. Информация об анализе регулятивного воздействия**

Представленный проект не требует проведения анализа регулятивного воздействия, поскольку не направлен на регулирование предпринимательской деятельности.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**